3. Бекбоев И.Б. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы [Текст] / И.Б.Бекбоев, А.Алимбеков, – Бишкек, «Бийиктик», 2001 – ж 28 – б 29.
4. Бекбоев И.Б. Инсанга багытап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери [Текст] / И.Б. Бекбоев. – Бишкек.: Педагогика века. – 2004. – 384 – б.
5. Кыргыз-түрк Манас универстетиндеги кыргыз тилин окутуунун жаңыча усул-ыкмалары. Усулдук колдонмо. Б: 2006.

УДК 37;378.2
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-262-269

**Сыдыкбаева Б. Ш.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Сыдыкбаева Б. Ш.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Sydykbaeva B. Sh.**
KNU J. Balasagyn

## КОТОРМОЧУ-СТУДЕНТТЕРДИН КОТОРМОЧУЛУК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ МАСЕЛЕЛЕР
## ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ ПЕРЕВОДЧЕСКОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ СТУДЕНТОВ-ПЕРЕВОДЧИКОВ
## PROBLEMS OF DEVELOPING TRANSLATION COMPETENCE OF TRANSLATOR STUDENTS

**Аннотация:** Макала окутуунун котормочу багытындагы студенттердин котормочулук компетенциясын калыптандыруу проблемасына арналган. Изилдөөнүн предмети котормочулук компетенттүүлүгү болуп эсептелет. Жогорку окуу жайларда котормочу адистигиндеги студенттердин котормочулук компетенциясын калыптандырууда зарылдыктар негизделди. Чет тилин октууда студенттердин котрмочулук компетенциясынын калыптанышынын теориялык негиздерине талдоо жүргүзүлдү. Бир катар дидактикалык принциптерди практикалык ишке ашыруунун жолдору формалары, ыкмалары да каралат. Жыйынтыгында котормочу-студенттердин котормочулук көндүмдөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдө илимийлүүлүк, абийирдүүлүк, системалуулук, жеткиликтүүлүк жана көрсөтмөлүүлүк сыяктуу салттуу дидактикалык принциптерди кармануу зарылчылыгын эске алуу менен негизделет.

**Аннотация:** Статья посвящена проблеме формирования переводческой компетенции студентов переводческого направления обучения. Предметом исследования является переводческая компетенция. Установлены потребности в формировании переводческой компетенции у студентов переводческих специальностей высших учебных заведений. Проведен анализ теоретических основ формирования переводческой компетенции студентов при обучении иностранному языку. Также рассматриваются пути, формы и методы практической реализации ряда дидактических принципов. В результате в развитии переводческих навыков и умений студентов-переводчиков исходит из необходимости придерживаться таких традиционных дидактических принципов, как научность, добросовестность, системность, доступность и выразительность.

**Abstract:** The article is devoted to the problem of developing the translation competence of students in the field of translation studies. The subject of the research is translation competence. The needs in building translation competence among the students of translation studies of higher education institutions have been identified. We have analyzed the theoretical foundations of developing the translation competence of students in their foreign language studies. Ways, forms and methods of practical implementation of a number of didactic principles are also considered. As a result, the development of translation skills and abilities of translation students is based on the need to adhere to such traditional didactic principles as scholarship, conscientiousness, consistency, accessibility and expressiveness.

**Негизги сөздөр:** котормо, компетенция, калыптандыруу, адистик, которуу, принцип

**Ключевые слова:** перевод, компетенция, формирование, специальность, перевод, принцип

**Keywords:** translation, competence, developing, specialist, translation, principle

Акыркы бир нече он жылдыкта бул иш эл аралык сооданын кеңейишинен иммиграциянын өсүшүнөн, ааламдашуу, тилдик чектөөлөрдү билүү жана медианын, технологиянын өсүшү, кеңейиши менен шартталып келет. Ушул себептен улам, котормочу ар кандай тексттердеги идеяларды жана дискурстарды өтө чынчылдык жана тактык менен чечмелөө аракети аркылуу эки тилди же көп тилди которуп берүүчү катары, ошондой эле маданият жана фактыларды жеткирүүчү катары маанилүү орунга ээ. Эгерде котормо тил менен ой жүгүртүүнүн өз ара байланыш процесси болсо, анда биз аны искусство же кол өнөрчүлүк деп эсептешибиз керек деген көз караштар жана анын татаал процесс аркылуу ишке ашарынан кабар берген ойлор четтен чыгат. Котормочу болуу оор жумуш, кээде ал туңгуюкка кептеткен учурларга кабылса да чынчылдыкты, токтоолукту талап кылган бай жана керектүү кесип. Акыркы мезгилдерде педагогикада студенттерди чыгармачылык менен иштей алышы үчүн комптенцияларды активдүү издөө замандын талабы болуп жатат. Котормочу-студентердин иштиктүү сапаттарын жакшыртуу, билим деңгээлин жогорулатуу, көндүмдөрүн, жөндөмдүүлүктөрүн, тажрыйбасын жана адамдык моралдык позициясын тарбиялоо алкагында алардын профессионалдык котормо компетенттүүлүгүн калыптандыруу котормочуларды кесипке даярдоонун максаты болуп саналат.

Котормочу-студенттердин котормочулук компетенциясын калыптандыруу жана алардын кесиптик баарлашуу маданиятын калыптандыруу келечектеги котормочулардын жалпы маданий жана атайын компетенцияларын өздөштүрүүгө багытталган дисциплиналарды интеграциялоо процессинде ишке ашырылат. Бул дисциплиналардын номенклатурасынын ичинен артыкчылыктуу орунду “Оозеки баарлашуу маданияты”, “Котормонун практикалык курсу”, “Котормонун теориясы”, “Иштиктүү чет тили”, ошондой эле “Компьютердик лингвистика” сыяктуу дисциплиналар ээлейт. “Маданият таануу”, “Психология”, “Теориялык фонетика” “Теориялык грамматика”, “Лексикология” “Стилистика”.

Бул дисциплиналардын интеграциясы котормочу адистиктеги студенттерди даярдоодо, ар түрдүү коомдук, багыттагы тексттер, көркөм чыгармалар менен иштөөдө, ар кандай функционалдык жана стилистикалык тиешелүү тексттерге аналитикалык комментарий берүү көндүмдөрүн өздөштүрүүдө, алган теориялык билимдерин маданияттар аралык байланыш процессинде практикада колдонууда, илимий адабияттар менен иштөө, алынган билимдердин негизинде өз алдынча изилдөө милдеттерин коюу жана аларды

чечүүнүн адекваттуу ыкмаларын табууда котормочу-студенттерге мүнөздүү болгон котормо процессинде келип чыккан кыйынчылыктарды терең түшүнүү менен студенттердин теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн бекемдөөдө ишке ашырылат.

Котормочу-студенттин ишинин эффективдүүлүгү нагыз тилден которула турган тилге которууда анын чеберчилик деңгээли менен аныкталат. Жогорку окуу жайларда котромо бөлүмдөрүнүн студенттерине, биринчиден, пикир алышууну калыптандыруунун оозеки жана жазуу жүзүндөгү формаларына үйрөтөт. Экинчиден, котормочулук ишинде эки элдин тили эле эмес, эки элдин маданияты дагы орун алат. Демек, котормочу мугалимдин милдети – студенттердин улуттук жана чет элдик маданияттардын ортосундагы байланышты түзө билүү жөндөмүн камтыган маданияттар аралык көндүмдөрдү калыптандырууда, башка маданияттын өкүлдөрү менен байланыш түзүү үчүн ар кандай стратегияларды таанууда жана колдонууда ортомчу катары иш алып барат. Котормочу адистикке даярдоодо жана котормочу-студенттерди окутууда алардын негизги компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу үчүн кыйла кылдат жана комплекстүү мамилени талап кылат, айтылган көйгөйлөр макаланын актуалдуулугун аныктайт.

Маданий аралык байланышта тилдин вербалдык жана вербалдык эмес коммуникациясы пикир алышууда эки маданияттын диалогу катары каралат[1]. Адистерди даярдоо учурунда котормо иши, чет тилин үйрөнүүдөгү иш-аракеттердин ар кандай түрлөрүндө колдонулат: грамматика, лексика, угуу, сүйлөө, окуу, жазуу имитациялоо. Башка жагынан алганда, чет тилин үйрөнүүдөгү айтылган аспектилер нагыз текстти туура чечмелөө үчүн, алардагы логикалык ой-туюмдарды адекваттуу түшүнүү үчүн, грамматикалык, синтаксистик, лексикалык, стилистикалык табияттагы бирдиктерди которуп үйрөнүү көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн багытталат. Чет тилин котормочу-студенттерге үйрөтүү процессиндеги иш студенттердин тилдик компетенциясына таянат, ал жалпы максатты камтыган окутуунун мазмуну, каражаттары жана методдору менен бирге ишке ашат. Котормочу студенттерди даярдоодо анын негизги милдети келечектеги адистердин когнитивдик жана коммуникативдик жөндөмдөрүн өркүндөтүүдө салттуу окутуу сүйлөө, окуу, жазуу, угуу менен катар системалаштыруу жана котормо боюнча билимдерин кеңейтүү ошондой эле котормо принциптерин жана ыкмаларын үйрөтүү, мазмунду туура берип которууну үйрөтүү жана кеп ишмердүүлүгүн жакшыртуу болуп саналат.

Котормону окутуу процессинде котормочу-студенттердин коммуникативдик компетенциясын калыптандырууда ролдук оюндар эффективдүү жыйынтык берет. Профессионалдык темага негизделген кырдаалда ролдук оюнду аткаруу башкача айтканда, студенттер ар кандай кырдаалдарга байланышкан «котормочунун» ролун аткарышат. Тил кыйынчылыктарын жеңүүдө (мислалы, коомдук-саясий тексттердеги клишелер, илимий-технологиялык терминология ж.б.) котормо текстиндеги түшүнүктү жеткире алуу же болбосо пикир алышууда боло турган сүйлөшүү процессиндеги кечирим суроо, ыраазычылк билдирген негизги түшүнүктөрдү калыптандыруудагы токсоолдуктардан өтүшөт. Ролдук оюнду аткарууда ар кандай даражадагы котормочу-студенттер тартылышы мүкүн, алар окуу мүмкүнчүлүктөрүнө жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша катыша алышат.

Аудиторияда котормочу студенттердин котормочулук жөндөмдүүлүктөрүн арттырууда комплекстүү аспектилер камтылыш керек:

- лингвистикалык, теориялык, филологиялык жана котормо таануу боюнча практикалык билимдер;
- ар кандай жанрдагы жана стилдеги чыгармалардын тексттик материалдар;

- пикир алышууда негизги функцияларды аткарган (когнитивдик, маалыматтык, этикет) жана котормо боюнча интерактивдүү материалдар;

- котормочу-студенттердин котормо менен иштөөдө лингвистикалык билимдерин кеңейтүү үчүн атайын тексттер. Аталган аспектилер котормочу-студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгүн калыптандырып алардын социалдык-маданий жана медиа сыяктуу иш-чараларда белгилүү деңгээлде кездеше турган тоскоолдуктарды жеңе алууга жардам бере алат.

Котормочу адистигиндеги студенттердин котормочулук компетенттүүлүгүн калыптандыруу процессинде алардын иш-аракети тилдик багыттагы ишмердүүлүккө гана багытталбастан кеп ишмердүүлүгүндөгү нормативдерди сактоого, жүрүм-турум, жакшы мүнөз сапаттарын сиңирүүгө, социалдык жактан шартталган диалогдук, монологдук дискурстарда коммуникативдик сыпатка даярдоого дагы багытталат.

Котормочу-студенттерди окутууда аудиторияда сабактын мүнөзү көбүнчө окуу иш-аракеттеринин ар кандай түрлөрүн камтыйт. Котормочу-студенттердин котормочулук компетенттүүлүгүн калыптандыруу окутуучунун сабакты алып баруудагы уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүнөн, билим берүү процессинде маалыматты түшүндүрүүдө колдонгон технологиялардан, сүйлөө маданиятынан, сөз байлыгынан, колдонгон булактарынан дагы көз каранды болот. Мындан тышкары, окутуучу тексттерди которуу жолдорун көрсөтөт, анын ортомчулук ишмердүүлүгүн аткарууда (медиация жөндөмдөрү жана көндүмдөрү), котормочу-студенттер өздөрүнүн деңгээлине жараша керектүү нерселерди өздөштүрүп алуу мүмкүнчүлүгү чет тилин үйрөнүүдө котормо иши жемишин берет.

Ар бир котормо ишинин бир же бир нече спецификалык максаттары бар жана ал кандай гана болбосун, адамдардын бири-бирин түшүнүү үчүн багытталат жана котормонун негизги максаты болуп маалыматты бир тилден экинчи тилге өткөрүү куралы болуп эсептелет. Котормо – бул маалыматты бир тилден экинчи тилге которуу процесси болгондуктан тактап айтканда анын негизги максаты «оригиналдуу тилдин» вербалдык жана грамматикалык мүнөздөмөлөрүн так берилиши, аларды «котормо тилге» өткөрүү ошол эле учурда түпнуска тилине которууда бардык реалдуу маалыматтар сакталышы керек.

Болочок котормочулардын профессионалдык баарлашуу маданиятын калыптандыруу процессин анын бардык субъекттеринин (студенттердин, окутуучулардын, кесипкөй котормо коомчулугунун өкүлдөрүнүн, коомдук түзүмдөрдүн өкүлдөрү), конкреттүү дидактикалык системада ишке ашырылары илимий изилдөөлөрдө айтылып келет.

Котормочу-студенттер жана котормочулар котормодо ишинде туш болгон кыйынчылыктардан кутула алышпайт. Норддун [2] пикири боюнча, котормо проблемасы – котормочу белгилүү бир котормо процессинде чечүүгө тийиш болгон объективдүү маселе "котормочу конкреттүү котормо милдетин аткаруунун жүрүшүндө чечүүгө тийиш" экендигин белгилейт. Котормо көйгөйлөрүнүн ар кандай түрлөрү бар алар: прагматикалык, металингвистикалык, трансфердик жана лингвистикалык проблемалар болушу мүмкүн.

Айрым котормочулар «жакшы» котормо же «жакшы» котормочу жооп берүүгө тийиш болгон бир катар талаптарды коюу менен «котормонун нормативдик теориясын» түзүүгө аракет жасашкан. Француз гуманисти, акын жана котормочу Этьен Доле (1509-1546) котормочу төмөнкү беш принципти сактоого тийиш деп эсептеген: [3].

1. которула турган текстти жана автордун айтайын деген оюн жакшы түшүнүү;

2. түпнуска тили менен котормо тилин мыкты билүү;

3. түпнусканын мазмуну менен формасын бурмалоого алып келе турган сөзмө-сөз которуудан оолак болуу;

4. котормодо кеңири колдонулган сөздөрдү пайдалануу;

5. сөздөрдү туура тандоо жана жайгаштыруу менен түпнусканын таасирине жетишүү.

Кандай гана текстти которбосун котормочу көптөгөн тоскоолдуктарга туш болот, ал бардыгын байкашы керек. Биринчи көйгөй оригиналдуу тилди окуп түшүнүүгө байланыштуу болушу мүмкүн. Бул тоскоолдукту өздөштүргөндөн кийин, котормочу котормо ишиндеги кыйынчылыктардын бири болуп эсептелген семантикалык жана маданий өзгөчөлүктөрдү түшүнүү этабына келет [4]. Ката кетирбөө үчүн котормочудан кылдаттык менен кароону талап кылган семантикалык мүнөздөгү туюнтмалар бир тектүү, чыныгы жана жалган дос деп аталган тектеш сөздөр, калька, оригиналдуу тилге жат формалар, пайда болгон жана кабыл алынган терминдер, жаңы терминдер жана афоризмдер. Мунун баары «которулгус лингвистика» деп аталат. Маданий табиятына келсек, ал «которулбаган маданияттарды» (мисалы, макал-лакаптар, тамашалар, анекдоттор, сөз оюну же ыңгайсыздыкты же тилди туура эмес колдонууну болтурбоо үчүн сөздөрдү камтыйт.

Өздөштүрүлгөн сөздүн тилдердеги маанилик айырмачылыктарынан да тил аралык омонимдер, башкача айтканда, тузак сөздөр пайда болушу ыктымал. Алсак, англис тилиндеги magazine деген сөз бизге тааныш «магазин, дүкөн» деген сөз эмес, ал «журнал» деген маанини билдирет жана ушундай которулууга тийиш. Ал эми француз тилиндеги journal болсо журнал эмес, газета деген мааниде колдонулат. Англисчеден кыргызчага которууда котормочулар менен тилмечтерди көп учурда жаңылыштыкка кириптер кыла турган мындай сөздөрдүн катарына anecdote (анекдот эмес, атактуу адамдардын турмушунан алынган кызыктуу окуя), angina (ангина эмес, стенокардия), cabinet (кабинет эмес, шкаф), compositor (композитор эмес, терүүчү, наборщик), lunatic (лунатик эмес, акылынан айныган адам), mayor (майор эмес, шаардын мэри) деген сыяктуу сөздөрдү кошууга болот.

Кээде мындай сөздөрдүн түпнуска тилинде же котормо тилинде кошумча мааниси бар болушу мүмкүн. Буга мисал катары officer (кызматкер, офицер эле эмес), original (чыныгы, анык, оригиналдуу эле эмес), student (окуучу, студент эле эмес), novel (роман, новелла эле эмес), general (негизги, жалпы, кадимки, генералдык эле эмес), engineer (моторист, машинист, инженер эле эмес), aggressive (кужурмөн, демилгелүү, агрессивдүү эле эмес) деген сыяктуу сөздөрдү келтирүүгө болот.[3] Котормочу-студент кабыла турган кыйынчылыктардын бири мыкты сөздүктөрдө да кездешпеген, керек болсо эне тилинде сүйлөгөн адамдар дагы сөздөрдүн так маанисин бере албаган жагдай терминдердин “жок болуусу”болуп эсептелет. Мындай шартта котормочу-студент "контексттик интуицияга" башкача айтканда сөздүн контекстиндеги "жашыруун" элементтин эң жакын тааныш жана түшүндүрүүчү маанисин табуу жөндөмүнө ээ болушу керек.

Котормо процессинде кандай гана кыйынчылыктар болбосун, котормочу-студент оригиналдуу тексттин маанисин которууда которулган текстеги атайын билдирүүлөр тиркемелерге багытталыш керек. Оригиналдуу тилдеги айтылган кабардын эң жакын эквиваленти биринчи моралдык аспект, экинчи стилиситикалык аспектиден карала тургандыгын котормочу-студенттин билүүсү зарыл.

Окурмандар (рецепторлорду) текстти белгилүү бир жол менен түшүнүшү же кабыл алышы үчүн котормочу өзүнүн алдында турган маселени чечиши керек, анткени ал окурмандардын (рецепторлорду) текстти белгилүү бир жол менен түшүнүшүн же кабыл алышын каалайт. Бул учурда, каталар же татаал көйгөйлөр котормодо "билимдин

жетишсиздигин" жаратышы мүмкүн жана котормодогу кездешкен көйгөйлөр чечилбесе, котормодон кеткен каталар пайда болот берет [5]. Мындай абалды болтурбоо үчүн экинчи тилди үйрөнүүчүлөр, котормочу-студенттер жана котормочулар котормочулук компетенцияларын өнүктүрүүсү керек жана бул кесипке ээ болуудагы эң актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Котормочулук компетенцияны калыптандырууда Митам жана Хадсон компетенцияны “мыйзамдардын ички системасы” деп аныкташып жана ал адамдын тил жөндөмүн калыптандырат" деген аныктамаларын айтып келишет. Котормочунун котормочулук жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда түшүнүү жөндөмүн калыптандырган сүйлөмдөрдү анын ичинде мурда укпаган сүйлөмдөрдү, белгилүү деңгээлде сүйлөмдөрдүн маанисин ажыратып билүү, эки маанилүү сүйлөмдөрдү же жөнөкөй маанини билдирген сүйлөмдөрдү байкай билүү жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу керектигин айтышат. Котормочунун компетенттүүлүгү, бул алмаштырылгыс жашыруун система жана кайталануучу жөндөмдөрдү камтыган билим экендигин далилдешет.

1- Эки тилдеги коммуникативдик компетенттүүлүк лингвистикалык жана маданий билимдердин жана социолингвистиканын элементтерин, айлана-чөйрө менен байланышты көзөмөлдөөнү (б.а. энциклопедиялык билимдер) жана билимдерден тышкары атайын багыттар боюнча объективдүү билимди камтыйт.

2- Которуунун эффективдүүлүгү (ийкемдүү эквиваленттерди табуудагы кыйынчылыктар).

3- Машина/кесиптик компетенттүүлүк (кыскартылган котормодон же документтерди которуудагы кыйынчылыктардан)

4- Психологиялык/физикалык компетенттүүлүк (чыгармачылыкты жана логикалык ой жүгүртүүнү билдирет)

5- Стратегиялык компетенттүүлүк. [6]

Жогорудагы маалыматтардын негизинде, компетенттүү котормочу ээ болушу керек болгон кээ бир маанилүү сапаттарды санап чыгууга болот.

- чет тилде окуй билүү.
- предметти билүү.
- лингвистикалык интуиция (эне тилде да, чет тилде да).
- которулган тилде эркин, так, кыска жана так жаза билүү.

Баштапкы жана котормо тилдерин, ошондой эле котормо методологиясын кеңири билүү.

- котормо жана аны кантип колдонууну түшүнүү;
- ар кандай типтеги тексттерди окууга терең кызыгуу;
- ойлорун так жана ачык айта билүү;
- карама-каршы жана чырмалышкан идеяларды чече билүү;
- ыңгайлуу жана колдоочу иш чөйрөсүн түзүү, колдоо жана колдоо жөндөмү;
- изилдөөлөрдү өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү;
- тактык, ишенимдүүлүк, өзүн-өзү сындоо жана талдоо жөндөмдүүлүгү;
- баалоонун так критерийлерин билүү.

Котормочу-студенттердин котормочулук жөндөмдүүлүгүн калыптандырууда кесиптик баарлашуу маданияты дагы негизги орунду ээлейт. Алар заманбап технологияларды колдонууда жана аны уюштурууда, көндүмдөрдү өздөштүрүүгө багытталган билимдерге ээ болууга, таанып-билүү иш-аракеттерине ыңгайлашууга, профессионалдык котормочулук ишмердиктин методдорун калыптандырууга, профессионалдык чеберчиликти өнүктүрүүдө

котормочулук жөндөмдөрдү сиңирүүгө, аларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жеке сапаттарга, котормо жана котормо таануу жаатындагы ишмердүүлүктөр жөнүндө кеңири маалыматтуу болууга, ошондой эле заманбап технологиляларды өздөштүрүү жана колдонуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болууга, котормо ишинде кесиптик тажрыйбасын өркүндөтүүгө багытталыш керек.

Котормочу-студенттердин кесиптик ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү бул чөйрөдөгү адистердин ишмердүүлүгүн коштоп жүргөн котормочулардын кесиптик баарлашуу процессинде маалыматтык, кеңеш берүүчү, психологиялык, координациялоочу жана башка функцияларды аткаруусу менен аныкталат. Келечектеги котормочулардын кесиптик баарлашуу маданияты бүтүндөй интеграциялык билимди түзөт: лингвистикалык, маданий, психологиялык, кесиптик (медицина, юриспруденция, тарых, экономика ж.б) социалдык жана билим берүү жаатындагы багыттарды камтыйт.

Кесиптик маданиятты калыптандыруу процессинде котормочу-студент төмөндөгүдөй жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүсү шарт:

- кесиптик баарлашуу маданиятынын өзгөчө көндүмдөрүн өнүктүрүү (коммуникациялык, маалыматтык, долбоорлоо ж.б.; аннотациялоо жөндөмдөрү, жалпылоо, адекваттуу котормо ыкмаларын колдоно билүү;

- конкреттештирүү, жалпылоо, семантикалык жайылтуу, лексика-грамматикалык трансформацияларды жана профессионалдык котормо маселелерин чечүү);

- ийкемдүү профессионалдуу котормо ой жүгүртүүсүн, көңүлүн, кабылдоосун, эс тутумун жакшыртуу;

- котормонун ар кандай конкреттүү чөйрөлөрүндөгү маселелерди чечүү үчүн заманбап технологияларды колдонууну тереңдетүү;

- дүйнөнүн ар түрдүү маданияттарын салыштырып анализдөөнүн негизинде социалдык-маданий көз караштарын кеңейтүү;

- нарктык багыттарды өздөштүрүү (патриотизмге, руханиятка, толеранттуулукка, глобалдуу ой жүгүртүүгө, котормочулук сапаттын жогорулатуу);

- котормо мотивациясын өнүктүрүү;

- котормочунун ишине мүнөздүү маданияттар аралык баарлашуунун типтүү коммуникативдик кырдаалдарында ишмердүүлүк тажрыйбасын өздөштүрүү [7].

Жогоруда белгиленген компетенциялар котормомчу адистигиндеги студенттерди даярдоодо анын профессионалдык металингвистикалык компетенттүүлүгүн калыптандырмайынча мүмкүн эместиги көрсөтүп турат. Экинчи тилди өздөштүүрүүгө багытталган кесиптик билимди берүүдө студенттердин өзүн-өзү өнүктүрүү концепциялары коммуникативдик мамиле кылууга негизделет. Студенттер котормочулук адистикти өздөштүрүүдө зарыл болгон шарттар кесипкөйлүк багытын бурбоо, ар дайым өзүн окуунун жана иштин үстүндө алып жүрүү болуп эсептелет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Петренко, Н.М. Подготовка студентов к межкультурной коммуникации // Вестник СумДУ, серия «Филологическая науки» – 2003. -№4 (50). – С. 200 — 203.
2. 2 -Nord, C. H. (1992): “Text analysis in translator training,” in C. Dollerup & A. Loddegaard (eds.) Teaching Translation and Interpreting. Amsterdam-Philadelphia: John Benjamins, pp. 39-48.
3. Абдиев Т. Котормо таануу илимине киришүү. Бишкек – 2008., 113 б.
4. Бархударов Л. С. Язык и перевод (Вопросы общей и. частной теории перевода). М., 1975

5. Richards, J.C.& Rodgers, T. Approaches and Methods in Language Teaching. 2nd edition. CUP: United Kingdom. (2002).
6. Латышев Л.К. Перевод: теория, практика и методика преподавания [Перевод: Теория, практика и методы преподвания]. Москва, Академия, 2003, 192-стр.
7. Тарасюк Н.А., Филатова Е.А. Модель обучения иноязычному общению магистров педагогического образования на основе применения интерактивных познавательных стратегий (на примере направления подготовки 050100 Педагогическое образование, профиль подготовки «Языковое образование») // Преподаватель 21 века. 2014. № 1. С. 83–91
8. Петренко, Н.М. Підготовка фахівців з міжкультурної комунікації (підходи, пошуки) // Вісник СумДУ. Серія «Філологічні науки». – 2003. - № 4 (50). – С. 200 – 203

УДК. 378.53.
DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-269-273

**Чо Ха Гён, Карабалаева Г.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Чо Ха Гён, Карабалаева Г.Т.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Cho Ha Kyung, Karabalaeva G.T.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

SPIN-код: 1798-6749 [2]

## АЗЫРКЫ МУГАЛИМДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ПРОЦЕССИНДЕ ИННОВАЦИЯЛЫК МАМИЛЕНИ КОЛДОНУУ
## ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИННОВАЦИОННЫХ ПОДХОДОВ В ПРОЦЕССЕ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СОВРЕМЕННОГО ПЕДАГОГА
## USE OF INNOVATIVE APPROACHES IN THE PROCESS OF PEDAGOGICAL ACTIVITY OF A MODERN TEACHER

**Аннотация:** Илимий макала билим берүүдөгү жаңы горизонтторду ачкан педагогикалык ишмердүүлүк процессинде инновациялык ыкмаларды колдонууну изилдөө болуп саналат. Салттуу окутуу ыкмалары талдоого алынып, алардын чектелүү жактары белгиленип, инновациялык технологияларга, интерактивдүүлүккө жана адаптацияга негизделген жаңы ыкмалар сунушталат. Макалада инновациялык ыкмаларды колдонуунун артыкчылыктары жана көйгөйлөрү талкууланып, аны заманбап билим берүү уюмдарында ийгиликтүү ишке ашыруу боюнча практикалык сунуштар берилген.

**Аннотация:** Научная статья представляет собой исследование использования инновационных подходов в процессе педагогической деятельности, которая открывает новые горизонты в образовании. Анализируются традиционные методы обучения, выделяются их ограничения и предлагаются новые подходы, основанные на инновационных технологиях, интерактивности и адаптивности. В статье обсуждаются преимущества и вызовы, связанные с применением инновационных подходов, и предлагаются практические рекомендации для ее успешной реализации в современных образовательных организациях.